| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЖЕРГЕТАЛ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГЕТАЛ<br>АЙЫЛ КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>ЖЕРГЕТАЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>АЙМАК<br>ЖЕРГЕТАЛЬСКИЙ АЙЫЛ КЕНЕШ |
|---|---|---|

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2022-жыл 19-август №27** **Кызылтуу айылы**

**“Калба” өзөнүнө чакан ГЭС куруу үчүн жер участогун 7-жылдык мөөнөткө ижарага берүү жөнүндө**

ОсОО “Грин Энерджи Норз” фирмасынын жазган арызын карап көрүп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Айыл чарба жерлерин айыл чарбалык эмес муктаждыктар үчүн берүүгө байланыштуу айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруунун наркынын нормативдерин бекитүү жөнүндө” 1998-жылдын 14-февралындагы №66 токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 27-беренесинин 1-пунктун, 7-беренесинин 2 пунктун, 13-беренесинин 1,1 пунктун жетекчиликке алып, Депутаттардын Жергетал айыл кенеши **токтом кылат:**

1.ОсОО “Грин Энерджи Норз” фирмасына Жергетал айыл аймагына караштуу “Калба” өзөнүндөгү “Корумду” участогундагы жайыт жеринен №______ чөйрө сызыгындагы аянты 8,2 га жер тилкеси башкы гидротехникалык курулмаларды куруу, суу келүүчү суу түтүктөрүн орнотуу жана электр чордондорунун имаратын куруу үчүн 7-жылдык мөөнөткө ижарага берилсин.

2. Айыл чарба жерлерин айыл чарбалык эмес муктаждыктар үчүн берүүгө байланыштуу айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруунун наркына ылайык эсептөө жүргүзүлсүн.

3.”Кадастр” Талас райондук башкармалыгы тарабынан укук күбөлөндүрүү иш кагаздарын берүү жагы суралсын.

4.Айыл өкмөтү менен эки тараптуу келишим түзүлсүн жана социалдык пакетке болгон төлөмдөр аныкталсын.

4.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жергетал айыл өкмөтүнүн башчысына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж.Молдояров**